КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТҮП РАЙОНУ
ТҮП АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТЮПСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ ТЮПСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Түп айылдык кенешинин XXVIII-чакырылышынын XXIII-сессиясынын**

# ТОКТОМУ

**10-август 2023-жыл. № 184** **Түп айылы**

**“Түп айылдык аймагынын айыл өкмөтүнүн бош калган акча каражатынын сарпталышына ыкчам чараларды көрүү жөнүндө”**

Түп айылдык аймагынын айыл өкмөтүнүн бош калган акча каражатынын сарпталышына ыкчам чараларды көрүү максатында жана жарыяланган тендерлерге эч бир жак кирбей койгондугуна байланыштуу акча каражаттарды бош калтырбастан тез араларда аткарылуучу жумуштарды ыкчамдатуу үчүн, Түп айылдык кеңешинин XXVIII- чакырылышынын XXIII - сессиясы **токтом кылат:**

1. Түнкү жарыктандырууга каралган 1 000 000 (бир миллион) сом акча каражатын түздөн-түз Түп айыл өкмөтүнүн алдындагы Коомуналдык-тиричилик чарбасы аркылуу иш жүргүзүүгө уруксаат берилсин.

2. №161 токтом менен бөлүнгөн Түп айылына келүүчү жана Түп айылынын ичиндеги тышкы арык, лотокторду алмаштырууга, оңдоп түзөөгө жаңы тосмолорду орнотуу иштерин жүргүзүүгө каралган 2 444 000 (Эки миллион төрт жүз кырк төрт миң) сом акча каражатын түздөн-түз Түп айыл өкмөтүнүн алдындагы Коомуналдык-тиричилик чарбасы аркылуу иш жүргүзүүгө уруксаат берилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Түп айыл өкмөтүнүн башчысы Э.А. Чоркозовго милдеттендирилсин.

**Төрайым** **А.О. Орозбекова.**